**ММ КЫЗМАТ**

МАМЛЕКЕТТИК жана МУНИЦИПАЛДЫК

№ 13 (439) 26-апрель, 2022-ж.

*МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАСЫЛМАСЫ*

# ВАКАНСИЯлар!!!

6-8-беттер

Талантбек ИМАНОВ:

## ПАСПОРТ МАФИЯСЫ МАМЛЕКЕТКЕ МИЛЛИАРДДАГАН СОМ ЗЫЯН КЕЛТИРҮҮДӨ

Санариптештирүү министри Талантбек Иманов министрликтин алдындагы Калкты жана жарандык абалдын актыларын каттоо департаментинде паспорт мафиясы бар экенин билдирди.

Анын айтымында, аталган департаментте мафия 24 саат бою өз ишин жүргүзүп келүүдө. Министр колунда бардык фактылар жана далилдер бар экенин жана жакын арада тиешелүү органдарга берерин белгиледи. «Бул паспорт мафиясы тамыр жайып, мамлекетке миллиарддаган сом зыян келтирүүдө. Миллиарддаган сом! Алар бир да камырабастан пара алып, коррупциянын гүлдөшүнө шарт түзүп жатышат. Бул чөйрө ревизия кылууга муктаж. Алтургай өтө катаал түрдө ревизия кылуу керек. Жасалма паспорттордогу коррупциянын масштабы абдан чоң, жасалма паспорттор миңдеп саналат, бул улуттук коопсуздукка коркунуч туудурат", - деди ал.



Мухтар ШЕРБАЕВ:

# АЙЫЛ АЙМАГЫБЫЗДЫ СПОРТТУН, МАДАНИЯТТЫН ЖАНА ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БОРБОРУНА АЙЛАНТУУ БОЮНЧА АМБИЦИЯЛУУ ПЛАНДАРЫБЫЗ БАР



4-5-беттер

## ТААЛАТБЕК МАСАДЫКОВ ЖАҢЫ КЫЗМАТКА ДАЙЫНДАЛДЫ



Масадыков Таалатбек Шамудинович мурда ээлеген кызматынан бошотулуп, Президенттин өзгөчө тапшырмалар боюнча атайын өкүлү болуп дайындалды. Масадыков КР Коопсуздук кеңешинин төрагасынын орун басары кызматына 2021-жылдын июль айында дайындалган болчу. Ал 1961-ж. Чүйдүн Аламүдүн районундагы Беш-Күнгөй айылында төрөлгөн. 1984-ж. Москва мамлекеттик эл аралык мамилелер институтун бүтүрүп, англис, пушту жана дари тилдерин билген эл аралык мамилелер адистигине ээ болгон. 1995-1996-ж. Кыргызстандын чет элдик инвестициялар жана экономикалык жардам боюнча мамлекеттик комитетинин башкы директорунун орун басары, 1997-1999-жж. Кыргызстандагы Америка университетинде кош декан жана окутуучусу болгон. 2000-ж. Экономика жана саясий илимдердин Лондон мектебине докторантурага тапшырган. 2002-ж. БУУга жумушка чакырылып, Афганистан, Иран, Пакистан мамлекеттеринде иштеген. 2006-2014-жж. БУУнун Афганистанга көмөк көрсөтүү боюнча Миссиясында башкы саясий кеңешчиси, саясий директору болгон. 2014-ж. Кыргызстанга келип, эл аралык жана аймактык коопсуздук багытында изилдөө иштерин жүргүзгөн.

Айбек МАТКЕРИМОВ:

## КЫЗМАТКЕРЛЕРИ КОРРУПЦИЯ БОЮНЧА КАРМАЛСА, ЖЕТЕКЧИЛЕРИ ДА ЖООПКЕРЧИЛИККЕ ТАРТЫЛЫШЫ КЕРЕК



Кызматкерлери коррупция боюнча кармалган ведомстволордун жетекчилери да жоопкерчиликке тартылышы керек. Бул тууралуу парламент жыйынында депутат Айбек Маткеримов («Ата-Журт») билдирди.

Парламентарий учурда коррупциялык фактылар аныкталып жатканын белгиледи.

«Бул, албетте, УКМКнын иштеп жатканын көрсөтүп турат, бирок коррупциялык схема токтобой жатканы өкүндүрөт. Бир мамлекеттик мекемеден бир нече адам кармалып жатат. Алардын өз жетекчилери, тиешелүү министрликтери бар. Жетекчилерге чара көрүлбөгөндүктөн, коррупцияга шектелип ошол эле ведомствонун кызматкерлери кармалууда. Андыктан кызматкерлери коррупция боюнча кармалган ошол ведомствонун жетекчилери да жоопкерчиликке тартылышы керек», - деп кошумчалады ал.

## ЖЭЭНБЕК КУЛУБАЕВ ТИМ БАШЧЫСЫНЫН МИЛДЕТИН АТКАРУУЧУ БОЛУП ДАЙЫНДАЛДЫ



Жээнбек Кулубаев мурда ээлеген кызматынан бошотулуп, ТИМ башчысынын милдетин аткаруучу болуп дайындалды. Ал 1963-жылы 5-апрелде Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунда туулган. Москвадагы аскердик институтту, кийин Кытай ТИМинин дипломатиялык институтун аяктаган. 1992-1996-жж. Кыргызстандын ТИМинде ар кандай кызматтарды аркалаган. 1996-1998-жж. КР ТИМинин Азия жана Африка боюнча башкармалыгынын башчысы, 1998-2000-жж. Кыргызстандын Кытайдагы элчилигинде кеңешчи, 2001-2003-жж. КР ТИМинин Чыгыш өлкөлөрү боюнча башкармалыгынын башчысы, 2003-2004-жж. Тышкы иштер министринин орун басары. 2004-2006-жж. ШКУ катчылыгынын аткаруучу директору (Пекин шаары), 2006-2007-жж. КР ТИМинин Эл аралык экономикалык кызматташтык департаментинин директору. 2007-2009-жж. Кыргызстандын Малайзиядагы элчиси, 2009-2013-жж. Кыргызстандын Кытай, Монголия жана Сингапурдагы элчиси. 2013-2016-жж КР ТИМинин Азия жана Африка өлкөлөрү боюнча департаментинин директору, 2016-2018-жж. КР ТИМинин Саясат департаментинин директору, 2018-2021-жж. Кыргызстандын Казакстандагы элчиси болгон. 2021-жылдын 9-августунан тарта КР Президентинин администрациясынын тышкы саясат бөлүмүнүн жетекчиси кызматын аркалаган.

## ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРИ РУСЛАН КАЗАКБАЕВ КЫЗМАТТАН КЕТТИ

Президент Садыр Жапаров кол койгон Жарлыкка ылайык, Казакбаев Руслан Айтбаевич КР Тышкы иштер министри кызматынан башка ишке өткөндүгүнө байланыштуу бошотулду. Казакбаев бул кызматка 2021-жылдын февраль айында дайындалган. Ал 1967-жылы 18-майда Талас облусунун Бейшеке айылында туулган. 1991-ж. Фрунзенин политехникалык институтун, 2002-ж. Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетин бүтүргөн. КРдин Толук жана Ыйгарым укуктуу Элчиси дипломатиялык рангга ээ. 1992-1994-жж. КР Илимдер академиясында кызматкер, 1995-1996-жж. КР ТИМдин консулдук башкармалыгынын үчүнчү катчысы, экинчи катчысы, 1996-1999-жж. Стамбул шаарындагы КРдин Башкы консулчулугунун вице-консулу, 1999-2005-жж. КР ТИМдин консулдук кызматынын кеңешчиси, бөлүм башчысы, Башкы башкармалыгынын жетекчисинин орун басары, жетекчиси, 2005-2008-жж. Стамбул шаарында КРдин башкы консулу, 2008-2009-жж. КРдин Тышкы иштер министринин биринчи орун басары, 2010-2012-жж. КРдин Тышкы иштер министри болгон. 2015-ж. октябрда «Республика – Ата-Журт» саясий партиясынын тизмеси менен ЖКнын VI чакырылышынын депутат болуп шайланган.



Элдар СУЛАЙМАНОВ:

## ГИДРОЭНЕРГЕТИКАНЫН КЕЛЕЧЕГИ ЖОК



2050-жылга чейин ичүүчү суу 50%га азайып, гидроэнергетиканын келечеги жок болуп калат. Бул тууралуу депутат Элдар Сулайманов “Ата Журт Кыргызстан” фракциясынын жыйынында билдирди. Муну ал жыл сайын суу сактагычтагы суунун азайып баратканы менен байланыштуу деп эсептейт. Анын айтымында, эл аралык форумдардын биринде 2050-жылга чейин ичүүчү суу 50%га азаят деп айтылган. «Учурда Токтогул суу сактагычында 8 млрд куб суу бар деп жатасыз. Бирок, бул өзгөрүшү мүмкүн, балким, 5 жылдан кийин суунун деңгээли 3 миллиард куб метрге чейин төмөндөшү ыктымал», - деди ал.

Депутат ошондой болбошу үчүн “коопсуздук жаздыкчасын” түзүү керек деп эсептейт. «Таш-Көмүр шаарында кремний заводубуз бар, кремний күн батареяларынын негизи болуп саналат. Күн батареяларын чыгарып, элге жеңилдетилген шартта таратсак болмок», - деди ал. Анын айтымында, мындай панелдерди орнотууга баары кызыкдар болот.

## МЕДЕТБЕК ЖУМАЕВ «УЛУТТУК ЭЛЕКТР ТАРМАГЫ» ААКтын БАШКЫ ДИРЕКТОРУ БОЛДУ

Улуттук энергохолдингдин башкармалыгынын төрагасы Талайбек Байгазиев «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКтын жамаатына жаңы башкы директорду жана анын жаңы орун басарларын тааныштырды.

Компаниянын директорлор кеңешинин чечими менен Жумаев Медетбек Эргешович «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКнын башкы директору болуп дайындалды. Жумаев 42 жашта. Буга чейин “Ошэлекро” ААКтын башкы директору кызматын аркалаган. Башкы директордун экономика жана финансы боюнча орун басары болуп Талантбек Жумалиевич Шадыканов, башкы директордун коммерциялык маселелер боюнча орун басары болуп Жакыпов Бакытбек Алыкулович, башкы директордун капиталдык курулуш жана инвестиция боюнча орун басары болуп Рысбеков Алтынбек Дурусбекович дайындалды. Бул дайындоолор республиканын энергетика системасында жүргүзүлүп жаткан реформалардын алкагында жана төрт бөлүштүрүүчү энергетикалык компанияны «Кыргызстандын улуттук электр тармагы» ААКка бириктирүүнүн алкагында болду.



## АБДЫЖАЛИЛ ТАШТАНОВ СОТ АРКЫЛУУ КЫЗМАТЫНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРИЛДИ



Таштанов Абдыжалил Жолоевич соттун чечими менен Б.Алыкулов атындагы Жалал-Абад маданият колледжинин директорлук кызматына калыбына келтирилди.Ал директорлукка 25-апрелде кирищти. Маданият техникумунун мугалимдеринин айтымында, Таштанов бешинчи жолу окуу жайга жетекчи болуп дайындалды. Буга чейин үч жолу соттон утуп, кайра ордуна келген. 1994-жылдан бери Маданият колледжин жетектеп келет. Техникумда 150 окуучу билим алып, 33 мугалим эмгектенет.

Бишкектин Биринчи Май райондук сотунун басма сөз кызматы билдиргендей, сот 2022-жылдын 4-апрелиндеги чечими менен Маданият министрлигинин 2021-жылдын 16-декабрындагы токтомун жокко чыгарып, кайра калыбына келтирүү боюнча доо канааттандырылган. Бирок, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине келтирилген 100 миң сом моралдык чыгымды өндүрүү боюнча доо канааттандыруусуз калтырылды.

Си ЦЗИНЬПИН:

## КЫТАЙ БИР ТАРАПТУУ САНКЦИЯЛАРГА КАРШЫ



Кытайдын төрагасы Си Цзиньпин жыл сайын өтүүчү Боао Азия форумунда сүйлөгөн сөзүндө Кытайдын бир тараптуу санкцияларга жана «бүт планетадагы тынчтык менен коопсуздукка доо кетирүүчү» кош стандарттарга каршы экенин ырастады, -деп билдирди Xinhua.

«Биз бир тараптуу санкцияларга каршыбыз жана блокторду түзүүгө жана тирешүүнү күчөтүүгө багытталган саясат жүргүзүү ниетибиз жок. Кытай кризисти жөнгө салуу боюнча бардык аракеттерди колдойт, биз кош стандарттарды карманбайбыз», - деди ал.

Кытай лидеринин айтымында, Пекин айрым өлкөлөрдүн «узун кол юрисдикциясын» (улуттук мыйзамдарды экстратерриториялык жайылтуу) кескин түрдө кабыл албайт. «Кансыз согуштун менталитети глобалдык тынчтыктын негиздерин бузуп, гегемонизм жана күч колдонуу саясаты дүйнө тынчтыгына коркунуч гана туударарын, ал эми блоктук конфронтация 21-кылымдагы коопсуздук көйгөйлөрүн курчутаарын фактылар дагы бир жолу далилдеди», - деп жыйынтыктады Си.

Россиянын Украинадагы аскерий аракеттери учурунда Си экономикалык “басым” жана товарларды берүүнү токтотуу сыяктуу кысым көрсөтүү тактикасы иштебей турганын эскертти.

«Кытай коопсуздуктун бөлүнгүс принцибин» колдогон глобалдык коопсуздук демилгесин көтөргүсү келет. Биз коопсуздуктун бөлүнгүс принцибин колдоп, коопсуздуктун тең салмактуу, эффективдүү жана туруктуу архитектурасын куруу керек», - деди Си.

Си товарларды берүүнүн глобалдык камсыздоо чынжырларын турукташтыруу үчүн күч-аракет жумшоо керектигин айтып, бирок, ошол эле учурда Кытайдын экономикасы туруктуу экенин жана анын узак мөөнөттүү тенденциясы өзгөрбөгөнүн билдирди.

«ММ кызмат»
Тел.: (0312) 62-16-26
mmkyzmat@gmail. com
mmkyzmat@mail. ru

ГЕЗИТ ЭЭСИ:
Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жана редакциянын эмгек жамааты

Башкы редактор
**Надыр Момунов**

Башкы редактордун орун басары, жооптуу катчы
**Дайырбек Мейманов**

Кабарчылар:
**Рысбай Сагынов**
**Мамат Сабыров**

Корректор
**Гүлназ Нурмаханова**

Верстка
**Нурлан Кыдыков**

Менеджер
**Татьяна Ибраимова**
**тел./факс: (0312) 62-16-36, 0558 (0776) 508268**

**Келишимдер жана реквизиттер үчүн:**
tatianashukurbekovna@gmail. com

**«ММ кызмат» гезити**
2013-жылы 7-июнда негизделген

ИНН 01210201310016
БИК 135001
ОАО «Айыл банк», Бишкек ш. , Биринчи май району, р/с 1350100026248533

Катталуу күбөлүгү № 1941

“Учкун” ААК басмаканасында басылды.
Заказ № 361 Нускасы 2300

Биздин дарек: 720040, БИШКЕК ш. , ЧҮЙ проспектиси 122



# ТИМдин РЕЗЕРВИНЕ КИРҮҮ ҮЧҮН БИР КҮНДӨ ЭЛЕ 185 АДАМ ТЕСТИРЛӨӨГӨ КАТЫШТЫ



**Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин Тестирлөө борборунда 19-22-апрель күндөрү өткөн тестирлөөнүн жыйынтыктары:**

**19-апрель** – Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ички резервин толуктоо үчүн94 талапкер атаандашты. Босоголук чектен 52 талапкер өттү.

Тышкы иштер министрлигинин ички резервине кирүү үчүн 48 адам тестирлөөгө катышып, 30 талапкер босоголук чекти багындырды.

Экономика жана коммерция министрлигинин ички резервин толуктоо үчүн 5 талапкер тестирлөөгө катышты. Босоголук чектен 3 талапкер өтө алды.

**20-апрель** – Тышкы иштер министрлигинин ички резервине кирүү үчүн 185 талапкер тест тапшырып, анын ичинен 110 адам жетишээрлик балл топтой алган.

**21-апрель** – Тышкы иштер министрлигинин ички резервине кирүү үчүн бул күнү да 185 адам тестирлөөгө катышты. Босоголук чекти 128 адам багындыра алган.

**22-апрель** – Транспорт жана коммуникация министрлигинин ички резервине кирүү үчүн 29 адам тестирлөөгө катышып, босоголук чектен 16 адам өттү.

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ички резервин толуктоо үчүн тестке катышкан 3 талапкерден 2өө босоголук чекти багындырды.

Бул күнү да Тышкы иштер министрлигинин ички резервине кирүүнү каалагандар арбын болду. Тестирлөөгө 152 талапкер катышып, босоголук чектен 111 адам өтө алган.



# ЖАҢЫ МЫЙЗАМДЫН ЧЕНЕМДЕРИ ИШКЕ АШУУДА

Белгилүү болгондой, 2021-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» жаңы Мыйзамы кабыл алынып, мамлекеттик жарандык кызматты жана муниципалдык кызматты өтөөнүн жаңы жол-жоболору киргизилди. Киргизилген жаңылыктардын бири – бош кызмат орундарына органдын кадрлар резервинен талапкерлер белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык дайындалат. Ал эми органдын кадрлар резерви ачык конкурс өткөрүү аркылуу түзүлөт. Бул ченемди жүзөгө ашыруу максатында «Мамлекеттик жарандык кызматтын жана мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү, аны түзүү жана иштетүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө» Жобосу иштелип чыгып бекитилди. Бул жобонун ченемдерин мамлекеттик органдарга бирдей тартипте колдонууну түшүндүрүү үчүн биз мамлекеттик органдардын жана анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн персоналды башкаруу боюнча кызматтарынын кызматкерлери үчүн окутуу семинарларын өткөрдүк.

Семинарга мамлекеттик органдардын персоналды башкаруу кызматтарынын 103 кызматкери катышты. Семинардын катышуучуларына мамлекеттик органдын кадрлар резервин түзүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн тартиби, ошондой эле мамлекеттик жарандык кызматты өтөөнүн башка ченемдери түшүндүрүлдү. Окутуу семинарларынан тышкары бөлүмдүн кызматчылары мамлекеттик органдарга, ошондой эле жарандарга мамлекеттик жарандык кызмат маселелери боюнча консультациялык, методикалык жана маалыматтык көмөк дайыма көрсөтүп келүүдө. Мамлекеттик органдардын кадрларды башкаруу кызматкерлери менен түзүлгөн атайын WhatsApp тайпасы аркылуу бөлүмдүн кызматкерлери аларга туруктуу негизде консультациялык жардам көрсөтүп турабыз.

Негизинен төмөнкү маселелер боюнча кайрылуулар түшүүдө:

- мамлекеттик органдардын кадрлар резервине киргизүү үчүн конкурстук тандоонун жол-жоболору жөнүндө;
- мамлекеттик кызматчыларга класстык чендерди берүү боюнча;
- тестирлөөнүн жол-жоболору боюнча;
- мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды ротациялоо тартиби жөнүндө;
- мамлекеттик кызматчыларга тартиптик жаза колдонуу тартиби ж. б. жөнүндө.

Ошондой эле мамлекеттик кызматтын ченемдик укуктук базасын өркүндөтүү боюнча жумуштарды аткаруудабыз. «Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамында, «Мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүүнүн, аны түзүүнүн жана иштөөсүнүн тартиби жөнүндө» жободо бир катар камтылбай калган маселелер бар. Бул боюнча тиешелүү долбоорлорду иштеп чыгып, аталган ченемдик актыларга толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн сунуштадык.

Алсак, министрликтин, мамлекеттик комитеттин, административдик ведомствонун райондук деңгээлдеги аймактык бөлүмүнүн (мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмчөсүнүн аймактык бөлүмүн/түзүмүн кошпогондо) жетекчисин бош административдик мамлекеттик кызмат ордуна дайындоо жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысы тарабынан жүзөгө ашырылат. Бирок, азыркы учурда акимдер мамлекеттик органдын ведомстволук бөлүмдөрүнүн аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызматка дайындайт жана бошотот. Ушуга байланыштуу дайындоо бөлүгүндө акимдердин ыйгарым укуктары такталуусу зарыл.

Агенттиктин сайтына мамлекеттик органдардын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү жөнүндө кулактандырууларын жайгаштыруу да бөлүмгө жүктөлгөн. Учурда 48 мамлекеттик органдын кадрлар резервине киргизүү үчүн ачык конкурс өткөрүү жөнүндө жарыясы бөлүм тарабынан каралып, Агенттиктин расмий сайтына жайгаштырылды. Бүгүнкү күндө мамлекеттик органдардын конкурстары белгиленген тартипте өткөрүлүүдө.



2022-жылдын башынан бери бөлүмгө жалпысынан 145 документ түштү, анын ичинде 133 жогорку жана башка мамлекеттик органдардан келген документтер. Мамлекеттик кызмат чөйрөсүндөгү мыйзам бузуулар жөнүндө жарандардын, юридикалык жактардын 12 арызы түшкөн. Бардык документтер мыйзамда белгиленген тартипте каралды жана аткарылды. Документтердин аткаруу мөөнөтү бузулган фактылар жок.

**Адеми АБДЫГУЛОВА,**
**КР Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин Мамлекеттик кызмат бөлүмүнүн башчысы.**

# 500дөй АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ОКУТУЛАТ

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын 2022-жылдын 22-мартындагы №38 протоколдук тапшырмасын аткаруу максатында райондук мамлекеттик администрациялардын башчылары жана айыл өкмөт башчылары үчүн «Инфодокс» электрондук документ жүгүртүү системасында иштөө боюнча окууларды өткөрүү пландаштырылган. Курстардын максаты – электрондук документ жүгүртүү системасында иштөө үчүн эффективдүү тажрыйба алуу.**

Бул курстар Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги жана КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы менен биргеликте, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин колдоосу менен уюштурулууда. Тренерлер – «Инфоком» мамлекеттик ишканасынын жана тиешелүү калкты тейлөө борборлорунун тажрыйбалуу кызматкерлери. Курстар облустук (региондук) жогорку окуу жайларынын жана КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын базасында, 2022-жылдын 25-апрелинен 27-апрелине чейин республиканын бардык облус борборлорунда бир убакта өткөрүлөт. Жалпы жонунан 492 жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын жана айыл өкмөт башчыларын окутуу пландалуууда.

**М.САБЫРОВ**



Мухтар ШЕРБАЕВ:

# АЙЫЛ АЙМАГЫБЫЗДЫ СПОРТТУН, МАДАНИЯТТЫН ЖАНА ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮНҮН БОРБОРУНА АЙЛАНТУУ БОЮНЧА АМБИЦИЯЛУУ ПЛАНДАРЫБЫЗ БАР

**Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун 1-Май айыл өкмөтү жыл сайын өтүүчү республикалык «Эң мыкты айыл өкмөтү» сынагында 2020-жылы 1-орунду жеңип алып, бир миллион беш жүз миң сом байге фондуна ээ болгон. Бул айыл өкмөтү өткөн 2021-жылды да чоң жетишкендиктер менен жыйынтыктаганынан кабардар болдук. Быйылкы жылды да бир топ жакшы пландар менен башташтыптыр. 1-Май айыл өкмөтүнүн өткөн жана быйылкы жылдагы иш-аракеттери, социалдык-экономикалык абалы тууралуу аталган айыл өкмөттүн башчысы Шербаев Мухтар Нурмаматович менен маек курдук.**



**АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫНЫН ТАРЖЫМАЛЫ**

*Шербаев Мухтар Нурмаматович 1977-жылы туулган. Билими жогорку. ЖАМУ башкаруу-педагогикалык факультетин жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Башкаруу Академиясынан «экономикадагы менеджмент» адистигин аяктаган. Кытай Эл Республикасында билимин жогорулатуу курсун бүткөн. Муниципалдык кызматтын отличниги, муниципалдык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси. 2021-жылы 3-ирет жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан бир добуштан айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган. Ага чейин, тоо-кен тармагында, банк системасында, билим берүү тармагында, мамлекеттик бийлик бутактарында эмгектенген. 4 ирет айылдык кеңешке, 1 ирет райондук кеңешке депутат болуп шайланган. Үй-бүлөлүү, 3 уул, 1 кыздын атасы.*

**- Өткөн 2021-жыл Кыргызстандагы шарты катаал, чек арада жайгашкан, алыскы айыл аймактардын бири болгон 1-Май айыл аймагы үчүн кандай жыл болду?**

- 2021-жыл аба – ырайынын катаал болушу, сугат суунун тартыштыгы, эл аралык уюмдардын бир тобунун ишинин өткөн жылдардагы коронавирус илдетине байланыштуу, өз ишин толук кандуу активдештирбегендигине карабастан, биздин 1-Май айыл аймагы үчүн бир топ жетишкендиктердин, айрыкча, аймагыбыздын социалдык-экономикалык абалын чыңдоодогу, социалдык инфраструктураны жакшыртуудагы ийгиликтер менен коштолгон, айыл аймагыбыздын тарыхында экономикалык секирик жасаган тарыхый жылдардан болду десек жаңылышпайбыз. Өткөн жылы аймагыбызда бир нече социалдык жана экономикалык долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашыра алдык. Бир нечелеген социалдык маселелерди чечүү менен бирге эле, жеке секторду, бизнес-чөйрөнү жакшыртууга жагымдуу шарттарды жарата алдык. Жалпылап айтканда, өткөн 2021-жыл, биздин айыл аймагыбыздын тарыхындагы эң маанилүү жыл катары жазылып калды деп айтууга толук негиз бар.



*Айыл аймагынын көчө-тротуарлары тартипке келтирилип турат.*

**- Кендирди кескен нерсе – финансыда. Кеп оролун жергиликтүү бюджет маселесине бурсак. 1-Май шарты оор аймак катары белгилүү да, ушул шартта жергиликтүү бюджетти аткарууда кандай жетишкендиктер бар?**

- 1-Май айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2021-жылга карата аткарылышында айыл өкмөтүнүн аппараты, финансы-экономика бөлүмү, айыл башчылары, салык-киреше боюнча адистерибиз өтө эффективдүү иш алып барды. 2021-жылга карата жалпы кирешелер 9440,4 миң сомго пландаштырылган болсо, биз 17057,6 миң сом акча каражатын чогултууга жетиштик. Тактап айтканда, пландалган кирешелерди 7617,2 миң сомго ашыкча аткарып, аткаруу планга салыштырмалуу 180,6 % түздү. Бул, албетте, жылдын катаал келип, көптөгөн салык төлөөчүлөрдүн ишинин кыскаргандыгына карабастан, биздин айыл аймагы үчүн айтаарлык жумуш болду десем жаңылышпаймын. Анын ичинде салыктык кирешелер жалпы 6255,0 миң сомго пландалган болсо, анын аткарылышы 10618,3 миң сомду түзүп, пландалган салыктык төлөмдөрдү 5408,1 миң сомго ашыкча аткарып, аткаруу планга салыштырмалуу 169,8 % түздү. Анын айрымдарына токтоло кетсек, 4109,4 миң сомго пландалган салык агенти аркылуу төлөнүүчү салык (подоход салыгы) 8673,9 миң сомго аткарылып, 4564,5 миң сомго ашыкча чогултулуп, планга карата аткарылышы 211 % түздү. Транспорт каражаттары үчүн салык төлөмдөрү 117,3 %, там арка үчүн физикалык жер салыгы 113,3 % , айыл чарба эмес жерлеринен алынуучу салык 364,2 % га аткарылып, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшүн шарттады. Ал эми, салыктык эмес төлөмдөргө токтоло турган болсок, ал багытта да бир топ жетишкендиктерибиз бар экендигин айтууга болот. Жалпы 3185,4 миң сомго пландалган салыктык эмес төлөмдөрдү чогултуу жыйынтыгында, 5394,5 миң сом акча каражаты чогултулуп, пландан 2209,1 миң сом ашыкча аткарылган, планга салыштырмалуу аткарылышы 169,3 % түзгөн. Бул жерде, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин ар бир салык төлөөчү менен жакындан, тыгыз иш алып баргандыгынын натыйжасы деп айтсак болот. Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн толтурууда, айылдык кеңештин депутаттары, коомдук активисттер тарабынан да бир топ салымдар болуп, аракеттердин натыйжасында, ийгиликтүү иштерди жарата алдык десек болот. Атап айтканда, автоунаа жана физикалык жер салыгын чогултууда айылдык кеңештин депутаттары, коомдук активисттер эл арасында түшүндүрүү иштерине жакындан жардам беришкендигинин натыйжасында кирешелерибиз жогорулады.

**- Сиздердин айыл аймагыңыздарда акыркы мезгилдерде социалдык инфраструктуранын кескин жакшырып бараткандыгы байкалууда. Ушул багытта сөзүбүздү улантсак?**

- Айыл аймагыбыздын негизги приоритеттеринен болуп, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана калкты таза суу менен жабдуу деп кабыл алып, болгон аракетибизди ушул багытка жумшап келебиз. Бул багыттагы маселелерди чечүүдө негизги ролду, албетте, социалдык инфраструктура чоң роль ойнойт эмеспи. Айыл аймагыбызда заманбап маданият үйү, спорттук комплекс, кичи футбол талаалары, заманбап ФАП имараттарын бaйма-бай куруп келебиз. Бул аракеттерибизди ар дайым эл аралык уюмдар колдоого алып келе жатат. Өткөн жылы эле айыл аймагыбызга социалдык



*Айыл өкмөттүн эмгек жамааты.*

инфраструктураны жакшыртууга 83 млн. сомдон ашуун каражат тартууга жетиштик. Мунун натыйжасында, ондогон километр таза суу линиялары тартылып, элге таза суу жеткирүүнү камсыздадык.Таза суу резервуарын курууну аягына чыгарып, пайдаланууга бердик. Айры-Там үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын жылытуу системасы жаңыдан жасалып, "тез жардам" кызматына ылайыкташкан кошумча имараттар курулду. Совет-Сай айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун имаратынын эшик-терезелерин алмаштыруу жана жылытуу системасын ремонттоо сыяктуу иштер жыйынтыкталган. Саламаттыкты сактоо тармагына атайын долбоор менен реанимациялык атайын унаа, ИВЛ ,УЗИ, ЭКГ жабдуулары алынып берилген. Бул багытта үстүбүздөгү жылы да катуу аракеттерди көрүп жатабыз. Учурда өтө зарыл болгон "мектеп автобусу" уникалдуу долбоорун ишке киргиздик жана алыскы тоо арасында жашаган, чек ара зонасында жашаган аймактардагы балдарды акысыз мектепке алып келүү жана кайра үйлөрүнө жеткирүүнү жолго койдук. Аймагыбызда 3 айылда – Ажек айылында 230 орундуу, Жаңы-Шаар айылында 150 орундуу жана Кара-Үңкүр айылында 150 орундуу заманбап мектептердин имараттарынын курулуштары учурда журуп жатат. Кара-Ункур орто мектебинин курулушу үчүн 1,2 млн сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен кош каржылоо үчүн ажыратылып берилип, «Ала-Бука курулуш» ишканасына которулду. Айры-Там гимназия мектебинин башкы корпусунун чатыры толугу менен кайрадан жабылды. СССР таркагандан бери унутулуп калган жолдорду асфальттоо иштерин жандантып, акыркы 40 жыл аралыгындагы алгачкы километр жолдорду асфальттоо иштерин колго алып, Айры-Там айылында жалпы 3,0 км. аралыкка жолдорго асфальт басылды. Жыл ичинде аймагыбыздагы Жаңы-Шаар, Ынтымак, Айры-Там жана Ажек айылдарында жалпысынан 33,5 км. жолго шагыл ташылып төгүлүп, тегизделип, адамдардын ички жолдорду пайдалануусуна шарттар түзүлдү.

**- 1-Май айыл аймагынын эли – мал киндиктүү эл эмеспи. Дыйканчылык үчүн да Сиздердин айыл аймакта ыңгайлуу жерлер көп. Дегеле, айыл чарба жаатында кандай иш-аракеттер көрүлдү?**

- Айыл чарбасы – биздин жергиликтүү экономиканын негизги потенциалы болуп саналат. Аймагыбызда айыл чарба тармагына жыл сайын олуттуу көңүл болуп келебиз. Өткөн жылы эл аралык уюмдардын жана жергиликтүү бюджеттин колдоосу менен заманбап ветеринардык клиника курулуп башталган, буйруса, быйыл пайдаланууга беребиз. Бул клиника малдын башын асылдандыруу, жасалма уруктандыруу, элдин малын дарылоо, ар кандай эпизоотиялык кырдаалдардын алдын алууга багытталган. Мындан сырткары, СК-5 маркасындагы дан оруучу комбайн, беде пресстөөчү тракторлор, жер айдоого, жер рельефин тегиздөөгө арналган атайын техникалар алынып, бул аракеттердин натыйжасында дыйканчылык кылууга жагымдуу шарттар жаралды. Суугат суу менен камсыз кылууну жакшыртуу максатында, жер астындагы сууларды пайдалануу жолго коюлуп, ири «Сумсар-Сай» БСРин долбоорлоо иштери активдүү жүрүүдө. Биздин элибиз бир сезондо эки ирет түшүм алган, дыйканчылыкка өтө ынтаа койгон эл. Бир гана маселе, суугат суунун тартыштыгы бизди кыйын абалга салып келет. Бирок, суугат сууну рационалдуу пайдалануунун натыйжасында, колдон келишинче суугат суу менен камсыздоо аракетин көрүүдөбүз.

**- Кошуна жайгашкан Өзбекстан Республикасы менен маданий-экономикалык алакалар барбы?**

- Албетте, элибизде жакшы сөз бар эмеспи, «кошуна тынч, сен тынч», «алыскы туугандан жакынкы кошуна артык» дегендей, Өзбекстан Республикасынын Наманган облусуна караштуу Чуст жана Касан-Сай райондорунун калкы менен бир тууганчылык мамиледебиз, жылына 2-3 ирет аларга биз барып, алар бизге келип дегендей. 2021-жылы аймагыбызды аралап өткөн, эки мамлекетке кызмат кылган, экономикабыздын күрөө тамыры саналган «Чуст» каналын тазалоо иштери үчүн зарыл техникалар Өзбекстан Республикасынан чыгарылып, 9,5 км. аралыкта каналды тазалоо, арыктарды оңдоо сыяктуу иштер жүрдү. Ички чарбалык каналдарды биргелешип тазалоо, же болбосо, биздин айылдыктар айткандай, эл аралык ашарларды өткөрүп турабыз. Спорт, маданият жаатында да тыгыз алака кылып келебиз. Өз деңгээлинде айлана-чөйрөнү көрктөндүрүү, бал аарычылыкты өнүктүрүү сыяктуу биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу үстүндө иштеп келе жатабыз.

**- 2022-жылга алдыга койгон пландарыңыздар менен бөлүшсөңүз?**

- Быйылкы жыл биздин айыл аймагыбыз үчүн олуттуу экономикалык жылыштардын, кескин оңолгон социалдык инфраструктуранын жана заманбап билим берүүгө жетүүгө ташталган ишенимдүү кадамдардын жылы болмокчу. 1-Май айыл аймагы мамлекетибиздеги алыскы, шарты катаал, чек арада жайгашкан болсо да, биз аймагыбызды спорттун, маданияттын жана заманбап билим берүүнүн борборуна айлантуу боюнча амбициялуу пландарыбыз бар. Бул пландарыбыз, буюрса, ишке ашаарына ишенем. Быйылкы жылы социалдык инфраструктураны жакшыртуу, жаңы социалдык объекттерди куруу, жолдорду асфальттоо, жаңы тротуарларды куруу сыяктуу иштер менен катар эле, негизги басымды экономикалык долбоорлорго буруп жатабыз. Мисалы, айыл аймагында чакан ишканаларды ачуу, сүт фермаларын ачуу, ошол эле кезекте, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү кескин жакшыртуу багытында иштерди алып барууга белсенип турабыз. Буга чейин да аймагыбызда негизги приоритет болуп келген калкты таза суу менен жабдууну жакшыртуу максатында, таза суунун башкы курулмасын куруу боюнча, суугат суу менен камсыздоого арналган «Алма-Бел» каналын реабилитациялоо сыяктуу долбоорлорду аягына чыгарууга болгон аракетибизди жумшамакчыбыз. Быйылкы жыл -1-Май айыл аймагы үчүн кескин өсүп-өнүгүүнүн жылы болмокчу!

***(1-беттеги сүрөттө 1-Май айыл өкмөтү жыл сайын өтүүчү республикалык «Эң мыкты айыл өкмөтү» сынагында 2020-жылы 1-орунду жеңип алып, бир миллион беш жүз миң сом байге фондуна ээ болгон).***

**Маек курган Дайырбек МЕЙМАНОВ**


*2022-жылы Тоолордун экосистемаларын коргоо жана климаттык туруктуулук жылына карата бак-дарак отургузуу акциясы.*


*Айыл тургуну Шерматов Алмаз бокс боюнча республикалык турнирде алдыңкы орунду ээлеп айылын сыймыкка бөлөдү*


*Айыл аймагында даталуу күндөргө карата дайыма салтанаттуу иш-чаралар өтүп турат*



*1-Май айыл аймагынын Айры-Там айылындагы чек арада жайгашкан А.Ташполотов жана С.Кудайбердиев көчөлөрүндөгү мектептен алыс жашаган окуучуларды ташуу үчүн айыл өкмөт тарабынан атайын автобус уюштурулган.*


*Жыл сайын айыл аймактын инфраструктурасы өнүгүп, заманбап социалдык обьекттер курулууда.*



*Айыл аймагынын көчө-тротуарлары тартипке келтирилип турат.*

## Айыл өкмөтүнө

### Араван районунун С. Юсупова атындагы айыл өкмөтү С. Юсупова айылдык кеңешинин административдик муниципалдык кызматынын (айылдык кеңештин жооптуу катчысы) бош кызмат орунуна СЫНАК ЖАРЫЯЛАЙТ:

**Айылдык кеңештин жооптуу катчысы**

**1) Кесиптик билимдин деңгээли:**
*- жогорку билим (мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, юриспруденция, финансылык экономикалык, айыл чарба, ветеринардык, гуманитардык, табигый илимдер, техникалык, курулуш, энергетика тармактарында).*

**2) Иш стажы жана тажрыйбасы:**
*- жалпысынан 3 жылдан кем эмес мамлекеттик жана/же муниципалдык кызмат стажы же тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү 5 жылдан кем эмес иш стажы.*

**Талап кылынуучу документтер:**
*- арыз;*
*- өздүк баракчасы 1 даана;*
*- 4х6 өлчөмүндөгү 2 даана сүрөт;*
*- эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариустан тастыкталган);*
*- паспорттун көчүрмөсү;*
*- резюме;*
*- дипломдун көчүрмөсү (нотариустан тастыкталган);*
*- өмүр баяны, соттолбогондугу жөнүндөгү маалыматты көрсөтүү менен.*

Талапкерлерге тиешелүү документтер С. Юсупова атындагы айыл өкмөтүндө жарыя чыккан күндөн тартып 10 жумушчу күн ичинде кабыл алынат.

**Дареги: Араван айылы, М. Султанов көчөсү-35, С. Юсупова айыл өкмөтүнүн кеңсеси (конкурстук комиссия)**

Кошумча маалыматтар үчүн телефон: (03231) 5-08-31, 5-08-41.

### Ленинский айыл окмоту Аламудунского района ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС для включения в резерв кадров на главные, старшие и младшие административные государственные должности Ленинского айыл окмоту:

**Общие квалификационные требования ко всем группам административных муниципальных должностей**

**Кандидаты для включения в резерв кадров должны соответствовать следующим квалификационным требованиям**

**1) для старшей группы административных должностей:**

**а) уровень профессионального образования:**
*- высшее профессиональное образование соответствующего направления.*

**б) стаж и опыт работы:**
*- стаж государственной и/или муниципальной службы по совокупности не менее 3 лет либо стаж работы в соответствующей профессиональной сфере не менее 5 лет.*

**2) для старшей группы административных должностей:**

**а) уровень профессионального образования:**
*- высшее образование соответствующего направления (гуманитарное, юриспруденция, социология, экономика и управление).*

**б) стаж и опыт работы:**
*- стаж государственной и/или муниципальной службы по совокупности не менее 1 года либо стаж работы в соответствующей профессиональной сфере не менее 3 лет.*

**3) для младшей группы административных должностей:**

**а) уровень профессионального образования:**
*- высшее либо среднее профессиональное образование соответствующего направления (юриспруденция; экономика и управление, статистика).*

**б) стаж и опыт работы:**
*- без предъявления требований к стажу.*

**Для участия в отборе представляются следующие документы, подшитые в скоросшиватель (Дело №) в следующей последовательности:**
*- личное заявление с указанием группы муниципальной должности;*
*- резюме (с указанием электронной почты), автобиография (с указанием сведений о наличии либо отсутствии судимости);*
*- копии документов, подтверждающих основное и дополнительное образование (при наличии), заверенные нотариально или по последнему месту работы;*
*- копия трудовой книжки (при наличии стажа работы), заверенная нотариально или по последнему месту работы;*
*- копии документов о присвоении ученой степени и ученого звания (при наличии);*
*- копия паспорта.*

Для дальнейшего участия в открытом конкурсе будут приглашены только те претенденты, документы которых соответствуют предъявленным требованиям. Контактные данные и адрес претендентов должны быть указаны точно. Для участия в конкурсе всем желающим необходимо предоставить документы в срок с 26 апреля по 17 мая 2022 года до 17:00 часов.

**Обращаться по адресу: Чуйская область, Аламудунский район, с.Лебединовка, пр.Победы № 121А, здание Ленинского айыл окмоту. Тел.: 0312 414574.**

**ПРИМЕЧАНИЕ:** Конкурсанты, прошедшие все квалификационные требования будут приглашены для участия в конкурсе, необходимо указать контактные телефоны.

Принятые документы не возвращаются.



### Лебединовский айыл окмоту Аламудунского района ОБЪЯВЛЯЕТ ОТКРЫТЫЙ КОНКУРС по отбору кандидатов для зачисление в резерв кадров Лебединовского айылного кенеша и Лебединовского айыл окмоту по следующим группам муниципальных должностей:

**На замещение главной группы вакантных административных муниципальных должностей муниципальной службы:**
Ответственный секретарь Лебединовского айылного кенеша (Г-Б – 1 ед.)

**На замещение старшей группы вакантных административных муниципальных должностей муниципальной службы:**
